63
Н72



# Ноокен
# Баатырлардын Мекени

# НООКЕН - 80





Кичи Мекен-менин ыйык Ноокеним,
Жүрек сезет Сенин кымбат экениң.
Кыргыз канча жашап келсе тарыхта,
Ага кошкон зор салымың бар Сенин!

Жер бетинде, пахта,даның жайкалган,
Жер астына мунай, газын таркалган.
Тээ Союзга адал эмгек сиңирип,
Он төрт баатыр атак менен даңк алган.

Дале талбай иштеп келет элибиз,
Мал киндиктүү, токой зарлуу жерибиз.
Бабалардан калган мурас уланып,
Атак, даңкты алсак дейбиз эми биз!

Кылым карып, кылым келет артынан,
Эл-журтумдан кетпесе экен кут, ыйман.
Сексен жашың куттуу болсун Ноокеним,
Ар бир аткан ак таңыңа сыйынам.

Кең Ноокеним, кутман жерим турагым,
Гүлдөп, жайнап есө бергин ылайым.
Куттуу болсун 80 жашың Ата Журт,
Кылымдарга сапарыңды улагын!

Бүрайма РАЙИМБЕКОВА.

63
Н72

# Ноокен - Баатырлардын Мекени



Ноокен району Жалалабат облусу гана эмес түштүк жергесиндеги экономикасы енүккен, табияты кооз, климаты дыйканчылыкка төп келген, республикалык маанидеги жаратылыш байлыктары бар, мал киндиктүү, күнөстүү, кут даарыган Баатырлардын Мекени.

Ноокендиктер алдыга койгон максатынын майын чыгара аткарып, балын таткан, ак эмгектен мандай тер төгүп 14 Баатыр тапкан, пейли кенен, дили таза,беттегенин бербеген, конок келсе кел деген, ак кенүл, меймандос, айкел эл.

Мына ушул жерине эли жарашкан ноокендиктер быйыл райондун түптөлгендүгүнүн 80 жылдык маараkесин белгилее алдында артка бир кылчайып, тарых барактарын көздөн кечирип турган кези.

Ноокен району 1928-жылы Базар-Коргон менен бирге түзүлүп, 1934-жылы Масы району бөлүнүп чыгат. 1937-жылы Масы районуна В.И.Лениндин ысымы берилет. 1963-жылы Базар-Коргон району менен кайрадан биригип, Ленин району деп аталып, борбору Ленин-Жол (азыркы Масы) айылы болуп калат. 1978-жылы эки район кайрадан бөлүнөт.

1992-жылдын февраль айында райКенештин 1Х сессиясынын чечими менен Ноокен району деп аталат. Ноокен фарсы тилинен кыргызчага которгондо: «Ноо-жаңы, Кен-жер», же «Жаны жер» дегенди билдирет. Ноокен районунун борбору - Масы айылы.

Мына ошентип, 1928-жылдан тартып Ноокен районунун чыныгы тарыхы башталат. Өз мезгилинде какыраган талаа, тикен баскан аймактар азыр айыл чарбасы өнүккен, республикалык маанидеги енер жайга ээ, социалдык жана маданий тармактары калайыктын күндөлүк турмушуна кызмат кылган керемет дүйнөгө айланган.



Райондун өсүп-өнүгүшүнө өз салымын кошуп, Ата Журт үчүн ак кызматын аябай кыргыз элинөн биринчи генералдык наамды алууга жетишкен Эргеш Алиев, Социалисттик Эмгектин Баатырлары Матай Абдираимов, Калдар Мамасалиев, Эшенкул Жусупов, Абдуллажан Казаков, Өскөнбай Каипов, Кадырмат Султанов, Кушназар Юнусалиев, Саадат Ногоева, Петр Тимофеевич Слюсаренко, Камал Султанов, Маткалык Амадалиев, Юсуп Момбеков, Шамшидин

30-45 мф
1355

Сүйөркулов, Малик Акчабаев жана жүздөгөн баатырга тете эмгеги сиңген ата-апаларыбыз, ага-эжелерибиздин басып өткөн жолу биз үчүн көөнөрбөс байлык, түгөнгүс кенч.

Кыргызстандагы коомдук жана экономикалык мамилелердин өнүгүү процессинде, жарандык коом менен укуктук мамлекетти калыптандырууда, улуттук жана улуттар аралык баалуулуктардын салттарын еркүндетүүде Ноокен району дайыма башкаларга үлгү болуп келген жана боло берет. Деген менен райондун атагын алыска чыгарып, экономикалык жана социалдык өсүп-өнүгүү жолуна салууда районду башкарган жетекчилерге чоң роль таандык. Атап айтсак 1934-жылдарда жетектеген саясий жана коомдук ишмер, акын жана жазуучу Молдогазы Токобаев,1951-1957 жылдарда жетектеген Кадырмат Султанов, Кушназар Юнусалиев, 1971-1978-жылдарда жетектеген Маматказы Эргашев, аялдардан райкомдун секретары болуп иштеген Кимсан Маматова, Бүбүна Бокоева, Светлана Сыдыковалардын эмгектери эч качан элибиздин эсинен кетпейт.






## Райондун жалпы аянты,географиялык абалы,жаратылыш ресурстары.

Райондун жалпы аянты-247342 гектарды түзөт. Анын ичинен сугат жери-18980 гектар, жайыт-148132 гектар, токой-62564 гектар, турак жай массиви-3955 гектар, жана башка жерлер-38529 гектарды ээлейт.

Район Чыгыштан Базар-Коргон району, Батыштан жана Түндүк Батыштан Аксы району, Түндүктөн Токтогул району, Түштүктөн жана Түштүк Батыштан Өзбек республикасы менен чектешет. Түштүк жана Түштүк Батыш тарабы түзөң, деңиз деңгээлинен 600-800 метр бийиктикте, түздүктөр Түндүктү карай бийиктеп олтуруп, деңиз деңгээлинен 4485 метр бийиктиктеги Бабаш-Ата тоосуна чейин жетет. Кен байлыктардан нефть, газ, Кочкор-Атанын үстүнен дарылык касиети бар ысык суу чыгат. Климаты жылуу, континенталдуу, жылдын төрт мезгили туура келет.

Райондун аймагы 8 айылдык, 1 шаардык округдан, 2 токой чарбадан турат. Шайдан, Масы, Арал, Ноокен, Сакалды, Момбеков, Бүргөндү, Достук айылдык округдарында жашаган эл негизинен дыйканчылык жана мал чарбасы менен, Кочкор-Ата шаар округунда жашагандар өнөр жай ишканаларында, окуу жайларда, базар, тейлөө борборлорунда эмгектенишет.

Тоскоол - Ата жана Кочкор-Ата токой чарбалары 62564 гектарга созулуп, анда карагай, арча, ак чечек, терек, кара жыгач, мөмө берүүчү өсүмдүктөрдөн жаңгак, мисте, бадам, алма, алча, алмурут, карагат, долоно, айбансары, жийде өсөт.

Жаныбарлардан кара кийик, элик, аркар, каман, түлкү, кашкулак, суур, коен, карышкыр, чөө, кекилик, кыргоол, бүркүт, улар, тала тоок жана башка куштар мекендешөт.

Алаш, Тоскоол-Ата, Казар-Мазар, Кечкөн-Терек, Алчалуу-Майдан,Шыңгыма, Сере, Чилмайран сыяктуу табияты кооз токой, жайлоолору, жети келдү бириктирген касиеттүү Келкупан-Ата келү бар.

Райондун аймагында Шайдан-Сай, Тоскоол сайлары, ал эми айыл чарбасына пайдалануучу негизги суулар Базар-Коргон районунун «Кара-Үнкүр», Сузак районунун Кара-Дарыя, Түндүк Батыштан Нарын дарыяларынан алынат.

## Райондун калкы

Райондун калкы 1928-жылы 30-40 миң адам болсо, азыр 114400 гө жетти. Анардын 50,3 пайызын аялдар түзет. Улуту боюнча: кыргыздар-65,5%, өзбектер-29,7%, орустар-0,5%, уйгурлар-1,3%, тажиктер-0,5%, татарлар-0,4%, түрктер-0,3%, башка улуттар-1,8%.

Экономикалык активдүү калктын саны-64110 адам, жалпы калктын 56 пайызын түзөт, анын ичинен айыл чарбасында-63% мал чарбасында-17%, өнөр жай, кызмат керсетүү тармагында-20%ды түзет.

Дал ушул көп улуттуу, ынтымактуу, ак көңүл, ачык маанай, эмгекчил жана бардык жакшылыктардын жаратманы болгон уюткулуу элдин керемети, эмгеги менен районубуз тынымсыз болуп өсүп, өнүгүп барат.



## Айыл чарбасы

Районубуздун атагын алыска чыгарып, республикада «Баатырлардын Мекени» деп аталып жүргөндүн өзөгүн айыл чарбасы түзөт. Тээ район район болуп түзүлгөндөн эле эмгекчил элибиз дың жерлерди өздөштүрүп, дыйканчылыктын майын чыгара иштеп келишкен. 1948-жылдан 1970-жылга чейин эле 14 Социалисттик Эмгектин Баатыры чыккан болсо ошолордун 12 си жалаң айыл чарбасындагы жетишкен эң жогорку көрсөткүчтөрү үчүн ээ болушкан.

Бүгүнкү күндө районубуздун айыл чарбасына тиешелүү жери-20122 гектар. Анын ичинен буудай-6653 гектар, пахта-9751 гектар, жүгөрү-1275 гектар, жашылча-1129 гектар, беде-184 гектар, май есүмдүгү-218 гектар, картошка-217гектар, коон-дарбыз-453 гектар, шалы-241 гектар, арпа-1 гектарды түзөт. Ал эми мөмө-жемиш-356, жүзүм-43 гектарды ээлейт.

Мындан тышкары райондун эли мал чарбасын да жакшы киреше булагына айландырган. Ушул тапта 24307 баш ири мүйүздүү мал, 66517 баш кой, эчки, 1161 баш жылкы, 65226 даана канаттуу бар.

Дыйканчылык жана мал чарбасын енүктүрүүдө 102 айыл чарба кооперативи, 430 дыйкан, фермердик чарба, 4186 жеке чарбалар, 1103 айыл чарба техникалары, 2820 автомашина, 150 ат араба, 15 даана башка техникалар пайдаланат. Район 9 айда айыл чарба тармагы боюнча 10625868,7 мин сомдук продукция өндүрүп, экономикалык божомол 104,6 пайызга аткарылды.

Ал эми калайык калкка кызмат көрсөтүүдө 12 завод, 85 тегирмен, 49 май жуаз,43 ак жуаз, Масыда, Кочкор-Атада, Сакалдыда, Бүргөндүдө дыйкан базарлары иштеп,дыйкандардын өндүргөн продукциялары кайра иштетилөт жана сатылат.



## Өнөр жайы

Кочкор-Ата шаарында районго гана эмес облус, республикага чоң экономикалык пайда алып келген «Кыргызнефегаз» ачык акционердик коому, «Кыргызгеофизика» АК, «Ока-Керамика» ЖЧК, Ан МАСТО томат-паста заводу, «Тилек-Полимөр» ЖЧК, «Эмгек Берекеси» кездеме токуу фабрикасы, «Интернейшил Коттон Групп», «Атлас Коттон ЛТД», «Экспорт Коттон», «Көлечек Пахта», «Эмгек Берекеси», «Лиматекс», «Белхлоппром» пахтаны кайра иштетүүчү заводдору, «Кочкоратаайылкурулуш», «Масыайылкурулуш» ишканалары элибизди жумуш менен камсыз кылып, райондун есүп-өнүгүшүнө чоң салым кошуп келишет.

Атап айтсак негизги өнөр жай ишкана

болгон «Кыргызнефтегаз» ачык акционердик коому үстүбүздөгү жылдын 9 айлык планын 147,9 пайызга же болбосо 206074,6 мин сомго көп аткарды. Бул болсо өткөн жылга



салыштырмалуу өсүү темпи 154,5 пайызды түзгендүгүн далилдөйт.

Райондун енер жайына өзүнүн жакшы салымын кошуп жаткан, келечектүү жана калкты жаңы жумуш орундары менен камсыз кылуу менен экономикалык өсүшкө ээ болгон «Эмгек Берекеси» кездеме токуу фабрикасы да өздөрү койгон болжолдуу пландагы 3606,7 мин сомдун ордуна 16519,0 мин сомдук жумуш аткарышып, 4,6 эсе ашыкча, же болбосо өткөн 2007-жылдын 9 айына салыштырмалуу 4,3 эсеге кеп аткаргандыгы кубандырат.

Пахтаны кайра иштетүүчү ишканалар да 9 айдын болжолдуу планын 13067,3 мин сомдук продукцияга көп ендүрүшкөн.

Чекене соода жүгүртүү 1166799,0 миң сомго аткарылып, экономикалык көздөгөн чеги 149,5 пайызга аткарылды. Бул керсөткүч 2007-жылга салыштырмалуу 155,5 пайызды түздү. Калкка кызмат керсөтүү өткөн жылга салыштырмалуу 141 пайызга, капиталдык салым өткөн жылга салыштырмалуу 46 пайызга ашыра аткарылган.



## Райондун инфраструктурасы

Ноокен районунун инфраструктурасы жылдан жылга өнүгүп баратат. Райондун аймагы 75 километрге созулат. Элдин күндөлүк турмушунда транспорт негизги ролду ойнойт. 444 километр автомобиль жол, анын 124 километри эң мыкты асфальтталган, 160 километри орточо абалда, калганы таш жолдор. Негизгиси Ош-Бишкек жолу болуп саналат. Район аркылуу дагы Жалал-Абад-Масы-Кочкор-Ата, Жалал-Абад-Кербен-Ала-Бука-Чаткал маршруттары өтөт. Жол боюнда 26 АЗС, автомобиль оңдоочу жайлар, кафелер, тейлөө үйлөрү бар. Булар да районубуздун экономикасына салмактуу салым кошот.



Кыска убакытта телекоммуникация тармагы да чоң бурулуш жасап, автоматтык санариптик станциялар ишке киргизилип, 3721 абоненти шаар аралык интернет, интелектуалдык байланыш менен камсыз кылып турат. Ошондой эле 319 километр жогорку, 613 км төмөнкү чыңалуудагы электр линияларынан, Кочкор-Ата шаарынын тургундары жаратылыш газынан пайдаланышат.

## Социалдык инфраструктура

Элибиздин руханий, маданий жана эстетикалык керектөөлөрүн канааттандыруу максатында 1 райондук, 1 шаардык, 8 айылдык маданият үйү, 2 музыкалык мектеп, 1 сүрөт мектеби, 1 тарыхый этнографиялык музей, 1

райондук, 21 айылдык китепкана иштейт. Райондук китепканада 48592, бардыгы 190738 нуска китеп фондусу бар. Калайык-калкты маалымат менен камсыз кылууда 1 райондук гезит кызмат кылат. Мындан тышкары 2 эс алуу багы, Кочкор-Ата шаарындагы бассейн калайыктын ден соолугун чыңдоо үчүн кызмат кылууда.



Ал эми спорт тармагы да жылдан жылга өнүгүү жолуна түшүп баратат. Район боюнча 2 типтүү стадион, 30 спорт зал жаштардын сүйүктүү жайына айланган. «Кыргызнефтегаз» ААКнун базасында уюштурулган «Нефтчи» футбол командасы республикада жогорку лигада 3 орунга ээ болгондугунун өзү биздин спорт сүйүүчүлөрүбүздүн аракети мыкты натыйжа берип жаткандыгын далилдейт. Республикалык мелдештерге катышып, байгелүү орундарга ээ болуп келатышкан мугалимдердин курама командалары, окуучуларыбыз да келечектен көптү үмүттөндүрөт.

Район илим, билим жагынан да жылдан жылга өнүгүп барат. Райондо 55 мектеп, анын ичинде 1 жатак-гимназия мектеби бар. 19 балдар бакчасында 1775 жаш наристелер тарбияланат. Мектептерде 28000 окуучу билим алып, 1417 мугалим тарбия берип келатат. Алардын ичинде Кыргыз республикасына эмгек синирген мугалим-4, СССРдин агартуу отличниктори-5, КРнын билим берүү отличниктори-209, КРнын эмгек сиңирген машыктыруучусу-1, профсоюз кыймылынын отличниктори-5, облустук олимпиаданын жеңүүчүлөрү-19, жогорку категориядагы мугалимдер-501. Мындан тышкары



4 кесиптик-техникалык окуу жайы, 1 колледж келечек ээлерине таалим-тарбия, кесиптик билим берет.

Райондо 2 аймактык оорукана, 2 үй-бүлөлүк дарыгерлер борбору, 3 айылдык участкалык оорукана, 17 үй-бүлөлүк дарыгерлер тобу, 27 фельдшердик-акушердик пункт, Кочкор-Атадагы санаторий калайык-калктын ден соолугун чыңдоодо талыкпай



эмгектенип келишет. Акыркы 2 жылдын ичинде Параканда, Беш-Жыгач, Шалка, Живпром, Кызыл-Аскер, Кокондук, Эски-Кочкор-Ата, Таштак, Кыпчак-Талаа, Кызыл-Туу сыяктуу четки айылдарга инвесторлордун жардамы менен типтүү, бардык ыңгайлуулуктары бар медпункттар курулду.








## Инвестиция жана банктардын кызматы

Райондо капиталдык курулуштун абалы жылдан жылга инвестициялык мүмкүнчүлүктөрдү пайдалануу аркылуу өсүп баратат. Атап айтсак АРИС программасы 2008-жылга 19021,6 миң сомдук жумуш пландаштырган болсо, 6 айдын өзүндө эле 10777,5 миң сомдук жумуш аткарып, курган курулуштарын сапаттуу бүткөрүп, пайдаланууга берип жатат. Түрткү берүүчү гранттын негизинде 6390 миң сомдук жумуш аткарды. Үстүбүздөгү жылдын 9 айында күтүлгөн түз инвестиция 5550,7 мин сомду түзүп, ички инвестиция 63888,4 миң сомго аткарылды. Инвестиция тартууда билим берүү, медицина тармагы мыкты иштеп жатышат. Ал эми өз линиялары боюнча «Кыргызнефтегаз»





[illegible] коому, «Кыргызтелеком» [illegible] коомунун Ноокен райондук бөлүмү, райондук суу чарба башкармасы да [illegible] иштерди алып барышып, ендүрүштү [illegible] чоң мүмкүнчүлүктөрдү жаратып [illegible] Мындан тышкары 157 турак жай [illegible] бүтөрүлүү алдында турат.

Райондо Айыл банк, Эко банк, РСК, БТА банк, Ысык-Көл Инвест банк, АТС банк, [illegible] Кыргызстан, Аман банк, Промстройбанк жана башка кредиттик компаниялар элибиздин [illegible] жашоосуна өз кызматтарын [illegible]

## Ноокендин келечеги түбөлүктүү

Ноокендиктер Ата Журтун сүйүшөт, урматташат, Ата-бабадан калган бардык мурастарын көздүн карегиндей сакташып, улам жаңы саамалыктар менен толуктап барышат. Ак эмгектен атак-даңк алган 14 баатырдын жолун улап, ак иштеп, таза жашап, атак-даңк алууга умтулушат. Улам кийинки муундардын шыбагасына абийир жана ар-намыстын, эмгек жана биримдиктин, ынтымак жана мээримдүүлүктүн эстафетасын еткерүп беришет.

Мына ошентип ноокендиктер, Ата Журтун заман менен жарышып өсүшүнө,өз турмуштарынын жана ишмердиктеринин бардык аспектилеринде ийгиликтин жана бейпилдиктин камсыз болушуна ишенишет. Райондун социалдык, архитектуралык,маданий абалы таанылгыс болуп өзгөрөт. Булардын баарын мекенчил, эмгекчил, кайратман калайык калк жаратат.



Ылайым кылым улап, түбөлүк жаша касиеттүү Ноокен жерим, уюткулуу улуу элим!














Статистика мамлекеттин күзгүсү!























Сүрөттөрүү: - М. Юсупов, М. Хамракулов
Тексти: - Б. Райимбекова
Компьютердик дизайн - Э. Уметов

65с



Ноябрь 2008